83.8
Ш26

Нурайым Шаршенбаева

# Оюндун пайдасы



Кырг
83.8
Ш 26

Нурайым Шаршенбаева

# Оюндун пайдасы



Сүрөтчү
Нурланбек Токтали уулу

РБДЮ им. К. Баялинова
БАЛАЛЫК

Бишкек 2023

**УДК 821.51-93**
**ББК 83.84**
**Ш 26**

**Ш 26** **Шаршенбаева Нурайым**
**Оюндун пайдасы /** сүрөтчү Нурланбек Токтали уулу.
– Б.: «Имак Офсет». 2023. – 12 б.

**ISBN 978-9967-33-313-0**

Copyright © 2023. Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0
Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

Бул китеп USAIDдин «Окуу керемет!» долбоорунун алкагында окуу материалдарын классификациялоо боюнча эксперттик топтун мүчөлөрү Б.А. Абдухамидова, К.Р. Акматова, Н.Т. Кабылбаева, Ж.А. Каримова, А.Ж. Муратов, Р.К. Султангазиева, А.Д. Токтомаметов, Б.Б.Топоева-Ставинскаянын катышуусу менен иштелип чыкты.

**ISBN 978-9967-33-313-0**

**УДК 821.51-93**
**ББК 83.84**

РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 36701

Марат менен Нурзат короодо жашынмак ойноп жатышкан. Аңгыча Мараттын досу Бектур келди:

– Балдар футбол ойноп жатышат. Жүрү биз да ойноп келели! – деди ал.



– Азыр бара албайм, апам бошогончо Нурзатты ойнотуп турушум керек, – деди Марат.

– Анда мен да силер менен ойноп турайын. Чогуу барабыз, – деди Бектур.

Оюн кайрадан уланды. Кезек Нурзатка жетип санай баштады.



– Би-ий! Эки-и! Ү-үч! Төөйт! Беш! Мен издегенге байа-атам! – деди добушун бийик чыгарып.

Бектур күлүп жиберди.

– Аа! Тигине-е! Көйдү-үм!

Нурзат кубангандан алаканын чапкылады.





– Болбойт! Мен кайра жашынам! – деди Бектур.

– Эмнеге болбойт? Өзүң күлүп жибердиң го! – деди Марат.

– Бөбөгүң "тө-өйт, байатам!" деп кыйкырып жатса, күлөм да!

– Нурзат али кичинекей! Ал мектепке барганча үйрөнөт! – деди Марат ызаланып.

– Менин бөбөгүм таптак сүйлөйт! – деди Бектур мактанып.

Досуна капа болгон Марат Нурзатты жетелеп үйүнө бет алды.

Нурзатты "р" деп айтканга үйрөтүш керек деди оюнда.

"Р" тамгасы кошулган сөздөрдү айттыра баштады. Нурзат бат эле тажап, айтпайм деп чыр салды. Карга болуп "кар-р! кар-р!" – деп ойнотту. Ага да көнгөн жок. Анда кызыктуу оюн табыш керек!

Нурзатты жетелеп:

– Жүрү, ойнойбуз! Мен машине айдайм. А сен трактор айдайсың, – деди колун руль бурагандай тегеретип.

– Экөөбүз жарышабыз!

– Ики-и! Кыздай тйактой айдабайт! Машине айдайм! – деди Нурзат каршы болуп.

– Кыздар деле трактор айдайт. Атам ооруп калганда апам айдады эле го! – деди Марат Нурзатты көндүрүштүн айласын издеп.

– Мен көйгөн жокмун! – деди Нурзат ишенбей.

– Анда сен кичинеке-ей болчусуң. Ошого билбей калдың да. Мейли анда, сен машине айда.

Марат "трын-трын" деп, Нурзат "вуум-вуум" деп жарышып баратышты.





Марат бир топ алдыга озуп кетти.

– Токтоңу-уз! Мен койко-ом! – деди Нурзат кыйкырып.

Марат артка кайрылды.



– Көрдүңбү, машинеге караганда трактор ылдам жүрөт. Кел алмашалы, – деди Нурзатты кызыктырып.

– Мейли!

Нурзат “тйын-тйын!” деп тыпылдап жүгүрүп кетти. Марат артта калды.

– Болбойсузбу! – деди Нурзат агасын шаштырып.

Озуп кетсем бөбөгүм кайра машинени айдайм деп чыр салбасын деген Марат улам артта кала берди.

Бул оюн Нурзатка абдан жакты. Күнүгө ойночу болушту.

Бир күнү экөө жарышып баратышкан. Бир маалда Нурзат “тйын-тйын” дебей “трын-трын!” дегенин Марат уга калды да:

– Ураа! – деди кубанып.

А Нурзат бир чети таң калып, бир чети сүйүнүп кайра-кайра кайталады. Бара-бара “Р” тыбышын башка сөздөргө кошуп айтканды да үйрөндү.

Марат Бектурга жолукканда, бөбөгүнүн тили так чыгып “Рны” таптак айтып калганын айтты.

– Буга сенин да таасириң тийди, рахмат!, анда Бектурдун да салымы бар экенин айтып кубанды. – деди.



РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 367018



22с
РБДЮ
36701 б/ф

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

*Автор*
**Нурайым Шаршенбаева**

*Сүрөтчү*
**Нурланбек Токтали уулу**

Бул жана башка электрондук китептерди QR- код аркылуу окусаңыз болот

- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - 4.1 деңгээли
  - 4.2 деңгээли

ЖЧК «Имак Офсет» басмаканасында басылды. Нускасы 6233
Бишкек шаары, Матросов көчөсү, 1А
imakofset.kg